**МАТЕМАТИКА**

**БӨЛҮКТӨР**

---

## 2-СУРОО: БӨЛҮКТӨР

***4_8_M_202_ Q02***

Танапис сааттын төрттөн бир бөлүгүнө созулат. Бул канча минута?

(А) 10

(Б) 15

(В) 20

(Г) 30

Туура жооп: (Б)

***Суроонун максаты:*** 1.4.1. Пайыздарга, бөлчөктөргө, чоңдуктардын туура жана тескери пропорционалдуулугуна негизги типтүү маселелерди чыгарууну билүүсүн текшерүү.

## 4-СУРОО: БӨЛҮКТӨР

*4_8_M_202_Q04*

Ромашка жана коңгуроо гүлдөр гүлдестесинде бардыгы болуп 35 гүл бар. Эгерде ромашкалар гүлдестенин жетиден бир бөлүгүн түзүшсө, бул гүлдестеде канча коңгуроо гүл болгон?

(А) 5

(Б) 6

(В) 28

(Г) 30

Туура жооп: (Г)

***Суроонун максаты:*** 1.4.1. Пайыздарга, бөлчөктөргө, чоңдуктардын туура жана тескери пропорционалдуулугуна негизги типтүү маселелерди чыгарууну билүүсүн текшерүү.

## 1-СУРОО: УБАКЫТ

*4_M_121_Q01 0 1 9*

300 секунданы минуталарда туюнткула.

Жооп: __________ мин

## УБАКЫТ: 1-СУРООГО ЖООПТУ БААЛОО

***Суроонун максаты:*** 1.1.11. Чоңдукту ченөөнүн бир бирдигинен башкаларына өтүүнү ишке ашырууну билүүсүн текшерүү.

***Жооп кабыл алынат***

Код 2:
- 5 мин
- 300 : 60 = 5

**Же** окуучу чыгаруунун алгоритмин жазган, бирок эсептөөлөрдү аяктабаган же арифметикада жаңылышкан, маселен:

- 300 : 60
- 300 : 60 = 6


***Жооп кабыл алынбайт***

Код 0: Башка жооптор.

Код 9: Жооп жок.

## 1- СУРОО: БЕШБУРЧТУК

***4_M_123_Q01    0  1  2  9***




Сүрөттө канча бешбурчтук тартылган?

Жооп:____________________

**БЕШБУРЧТУК: 1- СУРООГО ЖООПТУ БААЛОО**

***Суроонун максаты:*** 1.3.4. Геометриялык фигураларды (бешбурчтуктарды) айырмалоону билүүсүн текшерүү.

***Жооп толугу менен кабыл алынат***

Код 2.   2

***Жооп жарым-жартылай кабыл алынат***

Код 1:      1

***Жооп кабыл алынбайт***

Код 0:      Башка жооптор.

Код 9:      Жооп жок.

## 2-СУРОО: САТЫП АЛУУ

4_M_125_Q03 0 1 9

Бир альбом 12 сом 50 тыйын турат. Ушундай 14 альбом канча турат?

Жооп: _______________ сом

### САТЫП АЛУУ: 2-СУРООГО ЖООПТУ БААЛОО

***Суроонун максаты:*** 1.1.14. Сан, баа, нарк чоңдуктарын өз ичине алган курамдуу маселелерди чыгарууну билүүсүн текшерүү.

***Жооп кабыл алынат***

Код 1: • 175

***Жооп кабыл алынбайт***

Код 0: Башка жооптор.

Код 9: Жооп жок.

## 2-СУРОО: ПЕРИМЕТР

***4_M_127_Q02 0 1 9***

Эгерде тикбурчтук формасындагы участоктун узундугу 8 м, ал эми кеңдиги 6 м болсо, анда анын айланасындагы кашаанын узундугун эсептегиле.

Чыгарылышын жазгыла.

Жооп: ____________________

## ПЕРИМЕТР: 2-СУРООГО ЖООПТУ БААЛОО

***Сууроонун максаты:*** 1.3.8. Тикбурчтуктун периметрин эсептөөнү билүүсүн текшерүү.

***Жооп кабыл алынат***

Код 1:

- $(8+6)\cdot 2 = 28$ (м)
- $8\cdot 2+6\cdot 2=28$ (м)
- $8+8+6+6=28$ (м)
- 28 м

***Жооп кабыл алынбайт***

Код 0: Башка жооптор.

Код 9: Жооп жок.

## 3-СУРОО: ПЕРИМЕТР

*4_M_127_Q03*

Квадраттын периметри жактарынын узундуктары 6 см жана 4 см болгон тикбурчтуктун периметрине барабар. Бул квадраттын жагынын узундугу эмнеге барабар?

(А) 12 см

(Б) 10 см

(В) 5 см

(Г) 4 см

Туура жооп (В).

| | |
|---|---|
| ***Суроонун максаты:*** | 1.3.8 Тикбурчтуктун периметрин эсептөөнү билүүсүн текшерүү. |

## 1-СУРОО: ТЕҢДЕМЕЛЕР

*4_M_128_Q01* *0 1 9*

$2513 + x = 6000$ теңдемесин чыгаргыла

Жооп: ____________________

### ТЕҢДЕМЕЛЕР: 1-СУРООГО ЖООПТУ БААЛОО

***Суроонун максаты:*** 1.2.6. Эң жөнөкөй теңдемелерди чыгарууну билүүсүн текшерүү.

***Жооп кабыл алынат***

Код 1: $x = 6000 - 2513$

$x = 3487$

**Же** $x = 3487$

***Жооп кабыл алынбайт***

Код 0: Башка жооптор.

Код 9: Жооп жок.

## 1-СУРОО: САНДУУ ТУЮНТМАЛАР

*4_M_131_Q01 0 1 9*

(197 + 0 · 25) : 1 туюнтмасынын мааниси эмнеге барабар?

Жооп: _______________

### САНДУУ ТУЮНТМАЛАР: 1-СУРООГО ЖООПТУ БААЛОО

***Суроонун максаты:*** 1.1.10. Кашаалары менен сандуу туюнтманын маанисин табууну билүүсүн текшерүү.

***Жооп толугу менен кабыл алынат***

Код 1: 197

***Жооп кабыл алынбайт***

Код 0: Башка жооптор.

Код 9: Жооп жок.

## 3-СУРОО: АМАЛДАРДЫН ТАРТИБИ

***4_M_132_Q03***

$(420+110):(2\cdot 5)-47$ туюнтмасында кайсы амал акырында аткарылат?

(А) Кошуу

(Б) Кемитүү

(В) Бөлүү

(Г) Көбөйтүү

Туура жооп: (Б)

***Суроонун максаты:*** 1.1.14. Кашаалары менен сандуу туюнтмаларда амалдарды аткаруунун тартибин билүүсүн текшерүү.

## 1-СУРОО: НАРК

*4_M_134_Q01 0 1 9*

Ар биринин салмагы 2 кг дан болгон 7 пакет унга кожоюн аял 210 сом төлөдү. 1 кг ун канча турат? Маселени чыгаруу үчүн сандык туюнтманы жазгыла жана анын маанисин тапкыла.

Жооп: _________________ сом

### НАРК: 1- СУРООГО ЖООПТУ БААЛОО

***Суроонун максаты:*** 1.1.14. Баа, нарк, сан чоңдуктарын өз ичине камтыган курамдуу маселелерди чыгарууну билүүсүн текшерүү.

***Жооп кабыл алынат***

Код 1:

- $210:(7 \cdot 2)=15$ (сом)
- $210:7:2=15$ (сом)

***Жооп кабыл алынбайт***

Код 0: Башка жооптор.

Код 9: Жооп жок.

## 3-СУРОО: НАРК *4_M_134_Q03*

Апасы кызына түстүү карандаштардын топтомун жана сүрөт үчүн альбомду тартуулоону каалайт. Эгерде дүкөндө карандаштардын баасы: 96 сом, 68 сом, 43 сом болгон топтому, ал эми баасы 25 сом жана 36 сомдон болгон альбомдор болсо, тартуунун эң чоң наркы кандай болот?

(А) 268 сом

(Б) 139 сом

(В) 132 сом

(Г) 104 сом

Туура жооп: (В)

Суроонун максаты: 1.1.14. Баа, нарк, сан чоңдуктарын өз ичине камтыган курамдуу маселелерди чыгарууну билүүсүн текшерүү.

## 2-СУРОО: ЫЛДАМДЫК, УБАКЫТ, АРАЛЫК

*4_M_135_Q02 00 11 12 21 22 99*

Узундугу 180 м болгон жарыш жолунун карама-каршы баштарынан бир мезгилде бирине бири каршы Бакыт жана Андрей чуркап чыгышкан. Эгерде Бакыттын ылдамдыгы секундасына 9 метр, ал эми Андрейдин ылдамдыгы секундасына 6 метр болсо, анда алар канча секундадан кийин жолугушат?

Чыгарылышын келтиргиле.

Жооп: ____________________________ с

## ЫЛДАМДЫК, УБАКЫТ, АРАЛЫК: 2-СУРООГО ЖООПТУ БААЛОО

***Суроонун максаты:*** 1.1.14. Убакыт, ылдамдык, аралык чоңдуктарын камтыган маселелерди чыгарууну билүүсүн текшерүү

***Жооп толугу менен кабыл аланат***

Код 21: 12 с. Чыгарылыш сан туюнтмасы менен жазылган, маселен:

- $180:(9+6)=12$

Код 22: 12 с. Маселенин чыгарылышы амалдар боюнча көрсөтүлгөн, маселен:

- 1) 9 + 6 = 15 (м/с)
  2) 180 : 15 = 12 (с)

***Жооп жарым-жартылай кабыл алынат***

Код 11: 12 с. Чыгарылыш келтирилбеген.

Код 12: Чыгарылыштын алгоритми жазылган, бирок эсептөөлөр аякталган эмес же арифметикалык ката кетирилген.

***Жооп кабыл алынбайт***

Код 00: Башка жооптор. Чыгарылыш 21 жана 22 Коддорго туура келбейт же келтирилбеген.

Код 99: Жооп жок.

## 3-СУРОО: ЫЛДАМДЫК, УБАКЫТ, АРАЛЫК

*4_M_135_ Q03 00 11 12 99*

Поезд 1060 км ди 14 саатта өтүүсү тийиш эле. Ал 420 км ди 70 км/с ылдамдык менен өттү. Ал калган жолду кандай ылдамдык менен өтүүгө тийиш?

Чыгарылышты жазгыла.

Жооп: ______________________ км/с

## ЫЛДАМДЫК, УБАКЫТ, АРАЛЫК: 3-СУРООГО ЖООПТУ БААЛОО

***Суроонун максаты:*** 1.1.14. Убакыт, ылдамдык, аралык чоңдуктарын камтыган маселелерди чыгарууну билүүсүн текшерүү

***Жооп кабыл аланат***

Код 11: 80 км/с. Маселенин амалдар боюнча чыгарылышы жазылган, маселен:

- 1) $420:70=6$ (с) – кетирилген убакыт
  2) $14-6=8$ (с) - калган убакыт
  3) $1060-420=640$ (км) – калган жол
  4) $640:8=80$ (калган жолго ылдамдак)
  Жооп: 80км/с.

Код 12: 80 км/с. Чыгарылыш сан туюнтмасы менен жазылган, маселен:

- $(1060-420):(14-420:70)=80$ (км/с)
- $(1060-420):(14-6)=80$

***Жооп кабыл алынбайтат***

Код 0: Башка жооптор.

Код 9: Жооп жок.

## 1-СУРОО: САНДАР

*4_M_137_ Q01    0 1 9*

**<u>Жүз жыйырма жети миң үч жүз кырк төрт</u>** санын цифралар менен жазгыла.

Жооп: _______________

## САНДАР: 1-СУРООГО ЖООПТУ БААЛОО

***Суроонун максаты:*** 1.1.7. Миллиондун тегерегиндеги сандарды окууну жана жазууну билүүсүн текшерүү.

***Жооп толугу менен кабыл алынат***

Код 1: 127344

***Жооп кабыл алынбайт***

Код 0: Башка жооптор.

Код 9: Жооп жок.

## 2-СУРОО: БӨЛҮҮ

*4_M_138_ Q02*

Наташа 329 ду 10 го бөлдү жана калдыгында 9 ду алды. Наташа кандай тийинди алды?

(А) 9

(Б) 10

(В) 12

(Г) 32

Туура жооп: (Г)

***Суроонун максаты:*** 1.1.9. Эки орундуу санга калдык менен бөлүүнү аткарууну билүүсүн текшерүү.

## АЭРОПОРТ

Аэропорттун залында самолёттордун учуусу тууралуу маалымат берилген табло илинип турат. Төмөндө бул таблонун бөлүгү келтирилген.

| Каттоо | Рейстин номери | Баруу пункту | Учуу убактысы | Учуунун кечигүүсү |
|---|---|---|---|---|
| Жүрүүдө | 167 | Стамбул | 9.00 | |
| Аяктаган | 234 | Ташкент | 10.10 | |
| | 117 | Ош | 11.25 | |
| | 712 | Москва | 16.55 | 18.00 гө чейин |
| | 113 | Ош | 17.00 | |

## 1-СУРОО: АЭРОПОРТ

***4_M_139_ Q01 0 1 9***

Таблицаны пайдаланып, төмөнкү суроого жооп бергиле: № 113 рейс канчада жөнөөгө тийиш?

Жооп: ______с _____мин.

### АЭРОПОРТ: 1-СУРООГО ЖООПТУ БААЛОО

***Суроонун максаты:*** 1.4.1.Байкоону, салыштырууну, талдоону, корутунду жасоону билүүсүн текшерүү.

***Жооп кабыл алынат***

Код 1:
- 17 саат 00 мин
- 17.00
- кечки 5 саатта

***Жооп кабыл алынбайт***

Код 0: Башка жооптор.

Код 9: Жооп жок.

**3-СУРОО: АЭРОПОРТ** *4_M_139_ Q03 0 1 9*

Эгерде № 117 рейске каттоо самолет учарга 1 с 30 калганда башталса, анда каттоо канчада башталат?

Жооп: ____с ______мин

**АЭРОПОРТ: 3-СУРООГО ЖООПТУ БААЛОО**

***Суроонун максаты:*** 1.4.1.Байкоону, салыштырууну, талдоону, корутунду жасоону билүүсүн текшерүү.

***Жооп кабыл алынат***

Код 1:
- 9 с 55 мин
- 9:55
- Онго беш минута калганда

***Жооп кабыл алынбайт***

Код 0: Башка жооптор.

Код 9: Жооп жок.

## 2-СУРОО: КВАДРАТ

*4_M_141_Q02   0 1 9*

---

Жагынын узундугу 4 сантиметр болгон квадраттын аянтын эсептегиле.

Жооп:____________________ $см^2$

## КВАДРАТ: 2-СУРООГО ЖООПТУ БААЛОО

***Суроонун максаты:*** 1.3.8. Квадраттын аянтын эсептөөнү билүүсүн текшерүү.

***Жооп кабыл алынат***

Код 1: 16 $см^2$

***Жооп кабыл алынбайт***


Код 0: Башка жооптор.

Код 9: Жооп жок.

## 1-СУРОО: ТИКБУРЧТУК

***4_M_142_Q01 0 1 9***

Төмөндөгү чакмактуу кагазга жактарынын узундуктары 6 см жана 4 см болгон тикбурчтукту чийгиле.



## ТИКБУРЧТУК : 1-СУРООГО ЖООПТУ БААЛОО

***Суроонун максаты:*** 1.3.7. Кагазга тикбурчтук тургузууну билүүсүн текшерүү.

***Жооп кабыл алынат***

Код 1: Окуучу көрсөтүлгөн тикбурчтукту сүрөттөдү

***Жооп кабыл алынбайт***

Код 0: Башка жооптор.

Код 9: Жооп жок.

**ОКУУ**

## Христофор Колумб

Биз жер шарын Түштүк жана Түндүк Америка менен Тынч океансыз элестете албайбыз. Бирок, 15-кылымдын аягында Европада алардын бар экендиги эч кимдин оюна да келген эмес. Индия менен Кытайга деңиз жолун издеген Генуя шаарынан чыккан италиялык Христофор Колумб Африканы айланып, чыгышты көздөй кетпестен, Атлантика океанын кесип өтүп, батышты көздөй жол тартууну чечкен.

Ал жердин шар түрүндө экендигин билген, демек, андай болгон соң, батышты көздөй сүзө берсең, сөзсүз Индияга туш келесиң деп ойлогон.

Көп жылдык күрөштөн, басынуудан жана көңүл калуулардан кийин Колумб акыры испан королун өз тарабына тартууга жетишкен.

Ошентип, Колумбдун үч каравелласы – флагмандык «Санта-Мария», «Нинья» жана «Пинта» – 1492-жылы август айында Испаниянын жээгиндеги Палос шаарынан деңизге чыккан.

Ачык океан моряктарды коркуткан, алар мурда жээкти бойлой гана сүзүшчү. Качан гана горизонттон жашыл тилке көрүнгөндө, алар абдан кубанып кетишти. Бирок, бул али жер эмес эле, ал бетин жыш балыр каптаган Саргассово деңизи эле. Бул Колумбдун Атлантикадагы биринчи ачылышы болгон. Ошентип кайрадан күндөр өтө берди, айланада болсо чалкыган океан… Моряктар наразылыктарын билдире башташты. Колумбдун эсеби боюнча, алар эмгиче Индияга жетип калышы керек эле, бирок али жер дале көрүнбөдү. Колумб буга анча тынчсызданган жок. Ал капалуу моряктардын көңүлүн көтөрүп, аларга алтын, таттуу тамактарды убада кылды. Бирок акыры алардын чыдамы түгөнүп, анын сөзүн укпай, чечкиндүү түрдө: эгерде үч күнгө чейин жер көрүнбөсө, артка кайтабыз! – деген катуу талап коюшту. Колумб буга макул болууга аргасыз болду.

Бул мөөнөт аяктап калганда, түнкү саат экиде күзөттөгү моряктын: «Жер! Жерди көрүп жатам!» – деп кыйкырганы угулду. Бул анча чоң эмес арал эле, Колумб аны Сан-Сальвадор деп атады. Андан кийин Кариб деңизинин аралдары – жыты аңкыган Куба, кереметтүү коoз Гаити аралы анан дагы, дагы… Моряктар Европада жок жүгөрү, картөшкө, тамеки сыяктуу өсүмдүктөрдү биринчи жолу көрүштү. Бардык жерде аларды келишимдүү, узун бойлуу, кызгылт түстөгү адамдар тосуп алып жатышты. Өзүн Индиядамын деп элестеткен Колумбга кошулуп, аларды индеецтер деп атап коюшту.

Колумб эч кимге белгисиз, жаңы материкти эмес, болгону Индияга батыш аркылуу баруучу жолду гана ачтым деп эсептеген; ал өмүрүнүн акырында гана, үчүнчү жана төртүнчү жолу сүзүп барып келгенден кийин гана өзүнүн Жаңы Дүйнөнү, жаңы материкти ачкандыгына ынана баштаган.

## 2-СУРОО: ХРИСТОФОР КОЛУМБ

4_RI_003_Q02 0 1 9

Текст бир эле адам жөнүндө баяндабаса да, эмне үчүн ал «Христофор Колумб» деп аталганын түшүндүрүп бериңиз.

________________________________________________________________________

________________________________________________________________________

________________________________________________________________________

## ХРИСТОФОР КОЛУМБ: 2-СУРООНУН ЖООБУН БААЛОО

***Суроонун максаты:*** 1.2. Тексттин аталышынын маанисин чечмелеп берүү жөндөмүн текшерүү.

***Жооп кабыл алынат***

Код 1: Жооп Колумбдун Американы ачууда ойногон башкы ролун түшүнүү менен берилген. Мисалы:

- бул сүзүп барууда Колумб эң маанилүү адам болгон, ал моряктарды башкарган;
- ушул сүзүп барууну Колумб уюштурган;
- анын аркасы менен жаңы материк ачылган;
- Индияга барууну каалаган адам Христофор Колумб болгон.

***Жооп кабыл алынбайт***

Код 0: Башка жооптор:

- анткени ал бүт жерди кыдырып саякаттаган;
- текстти «Колумб жана анын командасы» деп атаган туура болот;
- анткени анын аты Христофор Колумб болгон.

Код 9: Жооп жок.

## 7-СУРОО: ХРИСТОФОР КОЛУМБ

Текстте айтылгандарга ылайык, эмне үчүн Колумбду улуу деңиз саякатчысы деп атаса болорун түшүндүрүп бериңиз.

___________________________________________________________________

___________________________________________________________________

___________________________________________________________________

## ХРИСТОФОР КОЛУМБ: 7-СУРООНУН ЖООБУН БААЛОО

***Суроонун максаты:*** 1.4. Тексттин жалпы мазмунун түшүнө билүү жөндөмүн текшерүү.

***Жооп кабыл алынат***

Код 1: Окуучунун жообунда тексттеги маалымат жалпыланып, Колумбдун сиңирген эмгеги, алып келген пайдасы туурасында корутунду жасалат, мисалы:

- ал жаңы материкти ачты;
- ал жаңы деңиз жолун ачты;
- ал жаңы аралдарды ачты;
- ал кызгылт түстөгү адамдар жашаган жерди тапты.

***Жооп кабыл алынбайт***

Код 0: Окуучунун жообунда Колумбдун жаңы жерлерди ачуудагы ролу белгиленбей, анча мааниси жок иш-аракеттер менен окуялар жөнүндө айтылат, же болбосо бүдөмүк жооп берилет, мисалы:

- Колумб көп саякат жасаган;
- ал деңизди жакшы көргөн;
- ал океандан корккон эмес;
- ал эр жүрөк жана акылдуу болгон;
- ал Тынч океан менен сүзгөн биринчи италиялык болгон.

Код 9: Жооп жок.

## 10-СУРОО: ХРИСТОФОР КОЛУМБ

4_RI_003_Q10

Эмне үчүн Колумб жаңы материкти эмес, Индияга батыш аркылуу баруучу жолду гана ачтым деп эсептеген?

(А) Анткени аралдарда Индияда өскөн өсүмдүктөр менен бирдей өсүмдүктөр өскөн

(Б) Анткени бардык жерде аларды келишимдүү, узун бойлуу, кызгылт түстөгү адамдар тосуп алып жатышты

(В) Анткени дагы бир материк бар экендиги анын оюна да келген эмес

(Г) Анткени моряктар Европада жок болгон өсүмдүктөрдү көрүштү

Туура жооп: (В)

***Суроонун максаты:*** 2.1. Баяндалып жаткан окуялардын себебин аныктай билүү жөндөмүн текшерүү.

# БАШМА-БАШ

*Кытай жомогу*

Бир кедей жигит жолдо келатты. Алыстан келаткан эле, чарчап, курсагы да ачты. Бир маалда маңдайынан ашкана көрүндү. Жигит сүйүнүп кетти да, өзүнчө мындай деди:

– Бир нече жез тыйыным калбады беле. Ошого жегенге бир нерсе сатып алайын. – Ал ашканага кирип, анын ээсинен сууга бышырылган беш жумуртка алды да, ошол жерден эле жеп жиберди. Төлөйүн деп чөнтөгүн аңтарса, тыйындары жок. Жолдо түшүп калса керек.

«Эмне кылсам? – деп ойлонду жигит. – Ашкананын ээси менин алдайын деген ниетим жок экенине баары бир ишенбейт. Эми аны чындап эле алдашка туура келет».

Анан ал бир чөйчөк шарап сурады. Ашкана ээси шарапты жылытып келейин деп чыгып кеткенде, жигит акырын турду да, чыгып кетип калды. Ал абдан уялды, бирок эмне кыласың.

Күн чыгыштан чыгып, батышка бата берди. Күн түнгө алмашып, түн кайра күнгө алмашты. Аларды кантип санайсың! А жылдарды эсептесе болот. Туура жыйырма жыл өттү. Бул мезгилдин ичинде жигит үйлөнүп, чарбалуу да болду. Аны жигит деп да айтпай калышканына көп болду, биз да аны эми дыйкан деп айтабыз.

Туура жыйырма жылдан кийин так ошол күнү дыйкан баягы жол менен келе жатты. Ашкананы көрүп, баягы жумуртканын акчасын бербей кеткенин эстеди.

Ашканага кирип, сууга бышырылган беш жумуртка сурады да, ошол жерден эле жеп жиберди. Анан ашкана ээсинен сурады:

– Мен сага канча беришим керек?

– Бир жумуртка бир жез чох. Демек, бардыгы беш чох.

Дыйкан 10 чохту санап, ашкана ээсине сунду.

Ал таңгалды.

– Мен сага 5 чох деп айтпадымбы. Эмнеге 10 чох берип жатасың?

– Беш чох азыр жегеним үчүн, калган беш чох болсо жыйырма жыл мурун жегеним үчүн.

– Токто, токто! – деп кыйкырды ашкананын ээси.– Ошол сен белең? Андай болсо, эсеп башкача болот. Анткени, беш жумурткадан беш жөжө чыкмак. Беш жөжө беш товук болмок...

– Бардык эле жумурткадан тоок чыга бербейт да, – деди дыйкан. – Короздор да болот.

– Болуптур, мен ачкөз эмесмин, – деди тиги. – Макул, бир жумурткадан короз чыксын дейли. Бирок дагы төрт тоок калып жатпайбы. Алардын бардыгы жумуртка тууй турган мекияндар. Бир жылдын ичинде төрт тоок төрт жүз жумуртка тууйт. Алардан дагы тооктор чыгат. Ал тооктор дагы жумуртка тууйт. Жыйырма жыл катары менен ошенте берет. Сен мага эсепсиз акча карызсың, а сен болсо беш чох менен кутулуп кетейин деп турасың! Жо-ок, экинчи жолу мени алдай албайсың! Башма-баш төлө.

– Менин сени алдайын деген оюм жок! – деп жооп берди дыйкан. – Туура айтып жатканыңды көрүп турам. Бирок менин мынча акчам жок. Мен Улуу Кытайдын императору эмесмин да. Аласаңды буурчак менен аласыңбы?

– Ала берем, – деп макул болду ашкананын ээси.

– Анда эртең мен аласаңды алып келип берем.

Эртеси дыйкан чын эле ашкана ээсине келип, кичинекей баштыкты сунду:

– Азыр башма-баш эсептеп көрөлү. Мына бул сууга бышырылган буурчак беш чох турат. Сен муну эгесиң. Буурчак түшүм берет. Ар бир кабыкчанын ичинде бештен кем эмес буурчак болот. Буурчагын ал да, аны кайра эк. Жыйырма жыл катары менен ошенте бер. Ошентип мен сага карыз болгон эсепсиз байлыкка жетишесиң.

– Токто, токто! – деп кыйкырды ашкананын ээси.– Сен мени келесоо деп турат окшойсуң. Буурчак сууга бышырылган да!

– Жумурткалар да сууга бышырылган болчу! – деп жооп берди дыйкан.

Ашкана ээсинин оозу ачылып калды. Мындай ой анын башына келген эмес экен.

## 2-СУРОО: БАШМА-БАШ

4_RL_005_Q02 0 1 9

Бул жомокто дыйкан жигит өзүнүн кандай сапаттарын көрсөткөнүн жазып бериңиз.

___

### БАШМА-БАШ: 2-СУРООНУН ЖООБУН БААЛОО

***Суроонун максаты:*** 2.3. Каармандын мүнөзүндөгү негизги сапаттарды аныктай билүү жөндөмүн текшерүү.

***Жооп кабыл алынат***

Код 1: Жигиттин мүнөзүндөгү жомоктон көрүнгөн жок дегенде бир сапат айтылган жооп берилет, мисалы:

- тапкыч;
- акылдуу;
- зээндүү;
- тапкыч жана чынчыл;
- эптүү.

***Жооп кабыл алынбайт***

Код 0: Каармандын мүнөзүндө жок болгон сапаттар көрсөтүлгөн же каармаандын текстте көрүнгөн сапаттарынан башка сапаттар аталган, мисалы:

- жаш;
- күчтүү;
- адептүү;
- калпычы;
- ачкөз.

Код 9: Жооп жок.

## 3-СУРОО: БАШМА-БАШ

4_RL_005_Q11

Төмөнкү макалдардын кайсынысы тексттин маанисин баарынан жакшы билдирет?

(А) Шашпаган араба коёнго жетиптир.

(Б) Жакшылыкка – жакшылык, жамандыкка – жамандык.

(В) Ойлобой сүйлөсөң, онтобогон ооруга жолугасың.

(Г) Аракет кылсаң, берекет болот.

Туура жооп: (Б)

| | |
|---|---|
| ***Суроонун максаты:*** | 1.1. Тексттеги негизги ойду аныктай билүү жөндөмүн текшерүү. |

## 4-СУРОО: БАШМА-БАШ

4_RL_005_Q03 0 1 2 9

Ашкананын ээси: «Мен ачкөз эмесмин», - деп айтканда, сиз ага ишене аласызбы?

Сиздин ушундай ойлогонуңузга ашкана ээсинин кайсы сөзү же кылыгы негиз боло алат?

________________________________________________________________________

________________________________________________________________________

________________________________________________________________________

## БАШМА-БАШ: 4-СУРООНУН ЖООБУН БААЛОО

| | |
|---|---|
| ***Суроонун максаты:*** | 2.2. Каармандын сөздөрүн же кылган иштерин тексттеги маалыматка таянып чечмелей билүү жөндөмүн текшерүү. |

***Жооп толук кабыл алынат***

Код 2: Суроого терс жооп берилип, ал ашкананын ээси текстте ачкөз болуп сүрөттөлгөнүн түшүнүүгө негизделген чечмелөө менен коштолот, мисалы:

- ишенбейм, ашкана ээси ачкөз болгон, анткени ал 20 жыл мурун желген бышкан жумуртканын ордуна «эсепсиз байлык» алгысы келди.

***Жооп жарым-жартылай кабыл алынат***

Код 1: Терс жооп берилген, бирок ага эч кандай чечмелөө кошулган эмес, мисалы:

- ашкана ээси ачкөз болгон;
- жок;
- ишенбейм.

***Жооп кабыл алынбайт***

Код 0: Оң («Ооба» деген) жооп берилген, же «Билбейм» деген жооп берилген, мисалы:

- ишенем, ал ачкөз эмес, анткени жигитти издеген жок, андан карызды доолаган жок;
- ооба, ашкананын ээси ачкөз эмес, анткени ал өзү ушуну айтып жатпайбы.

Код 9: Жооп жок.

**6-СУРОО: БАШМА-БАШ** 4_RL_005_Q06 0 1 9

Жигит ага карызын бышкан буурдчак менен берем дегенде, эмне үчүн ашкана ээсинин ачуусу келип кеткенин түшүндүрүп бериңиз.

___________________________________________________________________

___________________________________________________________________

___________________________________________________________________

**БАШМА-БАШ: 6-СУРООНУН ЖООБУН БААЛОО**

***Суроонун максаты*:** 2.2. Каармандын кылган иштерин жана айткан сөздөрүн тексттеги маалыматтын негизинде чечмелеп берүү жөндөмүн текшерүү.

***Жооп кабыл алынат***

Код 1: Окуучу ашкана ээсинин бышкан буурчактан түшүм алып, байып кетүү мүмкүн болбогондугуна, же болбосо дыйканды алдап кете албай калгандыгына ачуусу келгенин түшүндүрөт, мисалы:

- бышкан буурчактан эч нерсе өнүп, өсүп чыкпайт;
- ашкана ээси дыйкан аны келесоо деп жатат деп ойлогондуктан;
- анткени жигит аныкынан ашкан куулук кылып кетти;
- ал байлыкка ээ болгусу келген.

***Жооп кабыл алынбайт***

Код 0: Окуучу ачкөз ашкана ээсинин эмне себептен ачууланганын түшүнбөгөндүгүн көрсөткөн же «Билбейм» деген жооп берилет, мисалы:

- ага буурчак керек эмес болчу.

Код 9: Жооп жок.

**7-СУРОО: БАШМА-БАШ** *4_RL_005_Q08 0 1 2 9*

Сиз өзүңүз бул жомокко кандай ат коер элеңиз? Ушундай аталышты эмне үчүн тандаганыңызды түшүндүрүп бериңиз.

______________________________________________________________

______________________________________________________________

**БАШМА-БАШ: 7-СУРООНУН ЖООБУН БААЛОО**

***Суроонун максаты:*** 3.3. Текстке ат кое билүү жөндөмүн текшерүү.

***Жооп толук кабыл алынат***

Код 2: Окуучу өзү ойлоп тапкан, тексттеги башкы ойго каршы келбеген, тексттин бир бөлүгүнө эмес, бүтүндөй текстке тиешелүү аталышты сунуш кылат. Окуучу өз тандоосунун негизделген чечмеленишин келтирет, мисалы:

- «Куулукка куулук», анткени жигит амалкөй ашкана ээсиникинен да өткөн куулук кылды;
- «Зээндүү жигит жана ачкөз ашкана ээси», анткени текстте алар жөнүндө сөз болот.

***Жооп жарым-жартылай кабыл алынат***

Код 1: Эгерде аталыш эч чечмелөөсүз берилсе, же чечмелөө окуучу берген жоопко негиз боло албаса, мисалы:

- «Чынчыл жигит»;
- «Ачкөз ашкана ээси».

***Жооп кабыл алынбайт***

Код 0: Окуучу тексттеги башкы ойго каршы келген аталышты сунуш кылат, же «Билбейм» деп жооп берет, мисалы:

- «Тыйындар»;
- «Бышкан буурчак»;
- «Жумурткалар».

Код 9: Жооп жок.

# ЖЫЛМАЮУ

*Галина Василевская*

Илгери-илгери көк деңиздин боюнда жомоктогудай кооз шаар болгон экен. Анда бактылуу адамдар жашачу экен. Алар күндүзү иштеп, ыр ырдашчу, анткени эмгек аларга кубаныч тартуулачу. Ал эми кечкисин алардын үйлөрүнөн мукамдуу музыка кубулжуп турар эле.

Адамдар жолукканда бири-бирине жылмайышчу, анткени алар ушинтип учурашчу.

Дүйнөдө адамдарынын бардыгы бактылуу жашаган бир шаар бар экендиги каардуу сыйкырчыга да жетет. Ал жамандыктан башканы билчү эмес, бирөөлөрдү алдап, ушак-айың таратып, урушуп эле жүрчү.

– Бул адамдардын эмне үчүн бактылуу экенин билем, – деп күбүрөндү сыйкырчы. – Алар жылмая алышат, ошон үчүн алар бактылуу. Эми ошол шаарга учуп барып, алардын жылмаюусун уурдап алайын да, өзүм гана бактылуу болоюн.

Ал өзүнүн учуучу килемине олтуруп, учуп жөнөдү. Бир маалда төмөн жактан үйлөрдүн көгүлтүр чатырлары көрүндү, сыйкырчы өзү уккан жомоктогудай кооз шаарга келгенин билди.

Таң атып келатты. Деңиздин кыйырынан күн жаркырап чыкты. Морлордон түтүн булай баштады.

Каардуу сыйкырчы морго отуруп алып, көчөгө ким чыгар экен деп күтүп жатты. Акырында ал жомоктогудай кооз шаардын биринчи тургунун көрдү. Ал жерге жылуулук берип жаткан күнгө, дарактардагы сайрап жаткан куштарга, салкын желге, дирилдеп турган жашыл жалбырактарга жылмая карап кетип баратты. Сыйкырчы мордон учуп түшүп, тиги кишинин бет маңдайына келди.

– Мага жылмаюуңду бер! – деп кыйкырды ал коркунучтуу үн менен, анын үнүнөн дарактардын жалбырактары күбүлүп түшүп, куштар сайрабай калышты.

Тиги кишинин жүзүндөгү жылмаюу дароо жоголду – эми аны кантип аласың? Андан соң сыйкырчы дагы бир кишиге барып, ага да кыйкырды:

– Мага жылмаюуңду бер! – Бирок аныкын да ала алган жок. Анын жылмаюусу да жоголду.

Сыйкырчы жылмаюуну эч кимге билгизбей уурдап алганга да аракет кылып көрдү. Бирок мындан да эч пайда чыккан жок. Анан жылмаюуну акчага сатып алмак болду... Бирок бул тууралуу ал кимге айтса да, бардыгы ийнин куушуруп кетип жатышты. Сыйкырчы ыза болуп ыйлады. Көз жашы жаак ылдый шорголоп куюлуп жатты. Бир боорукер адам сыйкырчыны аяп, отургучка отургузуп, анын жайын сурады:

– Эмнеге ыйлап жатасың, мээримдүү адам?

Эч кимден эч качан мындай жылуу сөз укпаган сыйкырчы ого бетер ыйлап кирди.

– Мындан ары минтип жашай албайм, – деп шолоктоду сыйкырчы, – мени эч ким жакшы көрбөйт, досторум да жок. Башкалардай болуп жылмайгым

келет, бирок жылмаюуну кайдан аларымды билбейм.

Жомоктогудай кооз шаардын тургуну жылмаюуну сатып да, уурдап да алууга болбой тургандыгын айтты. Аны жакшы иштериң үчүн тартуулашат. Балким, сен талаада иштегендирсиң, же үй кургандырсың, же нан бышыргандырсың, же кийим тиккендирсиң, а балким, балдарды жакшы иштерге үйрөткөндүрсүң?

– Жок, жок, жок, – деп, сыйкырчы башын жерге салды.

Тиги киши оор үшкүрдү:

– Анда ишиң начар экен. Бирок сен өзүңө өзүң жардам бере аласың. Жакшылык кыл!

Тиги киши ошентип коюп кетип калды, сыйкырчы болсо ордунда көпкө чейин ойлонуп отурду: мен жылмаюуга татыктуу болуш үчүн, кандай жакшылык кылышым керек?

Бир маалда жанынан чуркап өтүп бараткан кичинекей кыз ташка чалынып, жыгылып кетти. Сыйкырчы дароо ордунан тура калып, кызды тургузду да, анын сыйрылып кеткен тизесин оорубасын деп үйлөй баштады.

Азыр эле ыйлайын деп турган кыз капыстан жадырап жылмайганда, анын ууртунда да жылмаюу пайда болду. Өмүрүндө биринчи жолу жылмайды!

Ал өзүн жеңил сезип, көңүлү ачыла түштү. Учуучу килемине отурду да, жакшылык кылуу үчүн учуп кетти. Азыр ал эң бактылуу, эң боорукер сыйкырчы болуп, өзү адамдарга жылмаюу тартуулап жүрсө керек.

---

## 2-СУРОО: ЖЫЛМАЮУ

*4_RL_007_Q04 0 1 9*

Эмне үчүн тексттин башында сыйкырчы жылмайчу эмес?

(А) Ал каардуу болчу жана жамандыктан башканы билчү эмес

(Б) Ал эч кимден жылмаюуну сатып ала алган жок

(В) Ал жылмаюуну каалачу эмес

(Г) Ал эч кимден жылмаюуну уурдап ала алган жок

Туура жооп: (А)

***Суроонун максаты:*** 2.1. Баяндалган окуялардын, кубулуштардын же каармандардын кылган иштеринин себептерин аныктай билүү жөндөмүн текшерүү.

## 3-СУРОО: ЖЫЛМАЮУ

4_RL_007_Q05

Эмне үчүн, ага «мээримдүү адам» деп кайрылышканда, каардуу сыйкырчы ого бетер ыйлап кирди?

(А) Анын аябай ачуусу келди

(Б) Ал абдан ызаланды

(В) Аны биринчи жолу ушундай аташты

(Г) Ал ушинтип айткан адамды аяды

Туура жооп: (В)

***Суроонун максаты:*** 2.2. Каармандын кылык-жоругун тексттеги маалыматка таянып түшүндүрө билүү жөндөмүн текшерүү.

## 4-СУРОО: ЖЫЛМАЮУ

4_RL_007_Q06 0 1 9

Автордун оюу боюнча, адамдарга жылмаюуну эмне үчүн тартуулашат.

Тексттен сиздин жообуңузду бышыктаган сөздөрдү көчүрүп жазыңыз.

___________________________________________________________________

___________________________________________________________________

___________________________________________________________________

## ЖЫЛМАЮУ: 4-СУРООНУН ЖООБУН БААЛОО

***Суроонун максаты:*** 1.3. Тексттен керектүү маалыматты таба билүү жөндөмүн текшерүү.

***Жооп кабыл алынат***

Код 1: Окуучу жылмаюу жакшы иштер үчүн тартууланарын айтып, тексттен тийиштүү сөздөр айтылган үзүндүнү келтирет же ошол эле маалыматты өз сөзү менен айтып берет, мисалы:

- эгерде сен талаада иштесең, же үй курсаң, же нан бышырсаң, же кийим тиксең, же балдарды жакшы иштерге үйрөтсөң;
- жакшы иштер үчүн;
- алар иштешчү жана бири-бирине жардам беришчү.

***Жооп кабыл алынбайт***

Код 0: Тексттеги маалыматка байланышы жок же «Билбейм» деген жооп берилген, мисалы:

- сулуулугу үчүн;
- шайырдыгы үчүн.

Код 9: Жооп жок.

---

## 5-СУРОО: ЖЫЛМАЮУ

*4_RL_007_Q08*

Аңгеменин автору эң алды эмне жөнүндө айткысы келген?

(А) Жылмаюуну кантип уурдаса болору жөнүндө

(Б) Сыйкырчы жаман иштерди кантип жасаганы жөнүндө

(В) Кантип бактылуу адам болсо болору жөнүндө

(Г) Жомоктогу шаардын тургундары кандай жашашканы жөнүндө

Туура жооп: (В)

***Суроонун максаты:*** 1.1. Тексттеги негизги ойду аныктай билүү жөндөмүн текшерүү.

## 7-СУРОО: ЖЫЛМАЮУ

*4_RL_007_Q10 0 1 9*

Адамдарга жылмаюунун кереги жок деген кишиге сиз эмне деп жооп берер элеңиз? Эмне үчүн ушундай жооп берериңизди түшүндүрүп бериңиз.

________________________________________________________________

________________________________________________________________

________________________________________________________________

________________________________________________________________

________________________________________________________________

## ЖЫЛМАЮУ: 7-СУРООНУН ЖООБУН БААЛОО

***Суроонун максаты:*** 3.5. Өз пикирин айта билүү жөндөмүн текшерүү.

***Жооп кабыл алынат***

Код 1: Окуучу айтып билдирген ой түшүнүктүү. Айтылган ойдун өзүнчө бөлүктөрү өз ара байланышкан. Башкы ойго тиешеси жок, ашыкча маалымат берилбейт, мисалы:

- жылмаюу – бул жакшы иштер үчүн ыраазычылык. Жылмайганы менен кичинекей кыз анын жакшылыгы үчүн ыраазы болгонун

көрсөттү;

- эгерде кишилер жылмайбаса, баары жалгызсырап, көңүлсүз, ачуулуу болмок. Демек, жылмаюулар керек;
- адамдар жылмайбаса, жашоо көңүлсүз, кызыгы жок болот;
- жылмаюулар керек, шаарда бардыгы бактылуу болгон, анткени жылмайганды билишкен.

***Жооп кабыл алынбайт***

Код 0: Окуучу кыска жооп берип, анысы текстке же өз ой жүгүртүүсүнө негизделген, ич ара байланыштуу ойду билдирбейт, же жооп ашыкча маалыматты камтыйт, же окуучу бүдөмүк жооп берет, мисалы:

- жылмаюулар керек, сыйкырчы жылмаюуларды уурдагысы келген;
- каардуу сыйкырчы жамандык кылууну каалаган: алдаган, ушак-айың тараткан, урушуп эле жүргөн жана бактылуу болгусу келген.

Код 9: Жооп жок.

## 8-СУРОО: ЖЫЛМАЮУ *4_RL_007_Q11 0 1 9*

Жомоктун аягында автор сыйкырчы жөнүндө ал боорукер сыйкырчы болуп калса керек деп жазат. Сиз ошондой болгонуна ишенесизби? Эмне үчүн буга ишенгениңиздин же ишенбегениңиздин себебин жазыңыз.

____________________________________________________________

____________________________________________________________

____________________________________________________________

____________________________________________________________

____________________________________________________________

## ЖЫЛМАЮУ: 8-СУРООНУН ЖООБУН БААЛОО

***Суроонун максаты:*** 3.1. Өзүнүн каарманга болгон мамилесин түшүндүрө билүү жөндөмүн текшерүү.

***Жооп кабыл алынат***

Код 1: Окуучу өзүнүн каарманга болгон мамилесин айтып, буга акыры боорукер боло алган каардуу сыйкырчынын мүнөзүн түшүнүүгө байланыштуу себепти келтирет, мисалы:

- мен буга ишенем, анткени ал жылмайганды үйрөнүүнү аябай каалаган;
- ишенбейм, анткени каардуу сыйкырчы мынчалык тез өзгөрө алмак

эмес.

***Жооп кабыл алынбайт***

Код 0: Окуучу өзүнүн каарманга болгон мамилесин түшүндүрбөйт, же бүдөмүк, карама-каршылыктуу жооп берет, же «Билбейм» деп жооп берет, мисалы:

- ишенбейм;
- ишенем;
- ал каардуу сыйкырчы болгон, анан кичинекей кызга жардам берди.

Код 9: Жооп жок.

**ТАБИГЫЙ ИЛИМДЕР**

**Кыргызстандын картасы**




Сүрөттө Кыргызстандын картасы берилди.

**2-СУРОО: КЫРГЫЗСТАНДЫН КАРТАСЫ** *4_SE_002_Q02*

Карта боюнча Ысыккөлгө жакын жайгашкан шаарды тапкыла.

(А) Нарын

(Б) Талас

(В) Балыкчы

(Г) Каракол

Туура жооп: (В)

***Суроонун максаты:*** 1.4.4. Картадан керектүү жерлерди таба билүү жөндөмүн текшерүү (практикалык ой жүгүртүү).

# СУУНУН ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨРҮ




3-сүрөт

## 3-СУРОО: СУУНУН ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨРҮ

*4_SE_007_Q03* *0 1 9*

Айнек идишке бөлмө температурасында катуу нерсени салып койушту (3-сүрөт). 2 сааттан кийин идиште суйуктук пайда болуп калды. Беш күндөн кийин идиш бош калды.

Идишке кайсы катуу зат салынган?

Жооп: ________________________________

## СУУНУН ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨРҮ: 3-СУРООНУН ЖООБУНА БАА БЕРҮҮ

***Суроонун максаты:*** 2.4.1. Затты (сууну) анын өзгөчөлүктөрүнө жараша сүрөттө жөндөмүн текшерүү (практикалык ой жүгүртүү).

***Жооп кабыл алынат***

1-Код: Суунун катуу абалы берилди, мисалы:

- муз;
- тоңуп калган суу;
- кар.

***Жооп кабыл алынбайт***


0-Код: Башка жооптор.

9-Код: Жооп жок.

# КҮН НУРУ

Күн чыгыштан чыгып, батыштан батат.

Жер батыштан чыгышка карай айланып, күн нуруна улам бир капталын тосуп турат.




## 1-СУРОО: КҮН НУРУ

*4_SE_008_Q01*

Ар бир сутка сайын күн менен түн алмашып турат. Күн менен түндүн алмашуу себеби

(А) Айдын күндүн айланасында айлануусу
(Б) Жердин күндүн айланасында айлануусу
(В) Күндүн жердин айланасында айлануусу
(Г) Жердин өз огунда айлануусу

Туура жооп: (Г)

***Суроонун максаты:*** 1.7.2. Күн менен түн тууралуу билимди текшерүү (концептуалдык түшүнүк).

# МЕТАЛЛДАР

Кайчы, араа, мыктар жана башка көптөгөн буюмдар металлдан жасалат.



1-сүрөт

## 2-СУРОО: МЕТАЛЛДАР

*4_SE_016_Q02*

Төмөндө мисал келтирилген кен байлыктардын кайсынысы металлды алуунун каражаты болуп саналат?

(А) Гранит

(Б) Таш көмүр


(В) Жез рудасы

(Г) Мунай зат

Туура жооп: (В)

***Суроонун максаты:*** 1.1.1. Пайдалуу кен байлыктардын түрлөрү тууралуу негизги билимди текшерүү (концептуалдык түшүнүк).

# СУУ-ТАБИГЫЙ ҮЙ




## 1-СУРОО: СУУ – ТАБИГЫЙ ҮЙ

***4_SE_020_Q01 0 1 9***

Сүрөттө чагылдырылган жаныбарлардын кайсынысы көлмөдөн алыс көпкө чейин жашай албайт?

________________________________________________________________

### СУУ- ТАБИГЫЙ ҮЙ: 1-СУРООНУН ЖООБУН БААЛОО

***Суроонун максаты:*** 2.1. Окуучулардын жандуулардын сырткы түзүлүшү менен жашаган чөйрөсүнө көз карандуулугун тактоо жөндөмдүүлүгүн текшерүү (практикалык ой жүгүртүү).

***Жооп кабыл алынат***

1-Код: Эки жандуу белгиленди: өрдөк жана тюлень.

***Жооп кабыл алынбайт***

0-Код: Башка жооптор, мисалы:

- Өрдөк;
- Тюлень;
- Өрдөк жана үкү;
- Мышык, үкү;
- Үкү.

9-Код: Жооп жок.

**2-СУРОО: СУУ – ТАБИГЫЙ ҮЙ** *4_SE_020_Q02 0 1 9*

Силерге мындан мурдагы суроого жооп берүүгө сүрөттө чаглыдырылган жаныбарлардын сырткы келбетинин кандай белгилери көмөк болду?

______________________________________________________________________

______________________________________________________________________

**СУУ – ТАБИГЫЙ ҮЙ: 2-СУРООНУН ЖООБУН БААЛОО**

***Суроонун максаты:*** 2.1. Билим алып жаткандардын жаныбарлардын сырткы түзүлүшүнөн алардын жашоо чөйрөсүнө карата ыңгайлашканын аныктоо жөндөмүн текшерүү (практикалык ой жүгүртүү)

***Жооп кабыл алынат***

1- Код: Сууда эркин сүзүүгө шарт түзгөн буттун өзгөчө түзүлүшү белгиленди, мисалы:

- Калакчалары бар буттар;
- Тюлендин сүзүүгө ылайык өзгөчө калакчалары бар;
- Тюлендин сүзө турган канаты бар.

***Жооп кабыл алынбайт***

0- Код: Башка жооптор, мисалы:

- Мышык балык жейт;
- Кыргоол балык кармайт;
- Бул суроого жооп берүүгө сүрөттөр жардам берди.

9- Код: Жооп жок.

## 2-СУРОО: ТЕРЕКТЕР

*4_SE_021_Q02 0 1 9*

Окуучулар мектептин жанындагы жер тилкесине теректин кичине көчөтүн отургузушту. Алар жыл бою аны жакшылап багып, бактын өсүүсүн көзөмөлдөп турушту.

Көзөмөлдөөнүн натыйжасы таблицага жазылды:

| Жыл мезгили | Өсүү |
|---|---|
| Жаз | 5 см |
| Жай | 15 см |
| Күз | 2 см |

Таблицада теректин өсүүсү көбүнчө жайында болгону көрүнүп турат. Эмнеге, түшүндүргүлө.

______________________________________________________________________

______________________________________________________________________

______________________________________________________________________

## ТЕРЕКТЕР: 2-СУРООНУН ЖООБУНА БАА БЕРҮҮ

***Суроонун максаты:*** 2.9. Өсүмдүктүн жашоосундагы мезгилдик (сезондук) өзгөрүүлөрдү түшүндүрүп берүү жөндөмүн текшерүү (концептуалдык түшүнүк).

***Жооп кабыл алынат***

1-Код: Өсүмдүк канчалык көп жарык, жылуулук жана суу менен камсыз болсо ошончолук тез өсөт. Жок дегенде эки фактор мисал келтирилди, мисалы:

- Күн тийип турат, аба-ырайы ысык, жакшы сугарылды;
- Жылуулук, жарыктык;
- Жылуулук, сугат.

***Жооп кабыл алынбайт***

0-Код: Башка жооптор, мисалы:

- Жайкысын ысыгыраак болгон үчүн;
- Жайында жарык көп болгон үчүн;
- Жайында күн жакшы тийип, көчөттү көп сугаруу керек.

9-Код: Жооп жок.

# АДАМДЫН ДЕН СООЛУГУ

Дени сак адам ден соолук деген эмне экени жөнүндө аз ойлонот. Саламаттык чың учурда ар дайым ушундай бойдон калып, ден соолук тууралуу кооптонууга зарылдык жоктой сезилет. Ошол эле мезгилде саламаттык адам жашоосундагы эң негизги баалуулуктардын бири, кубаныч булагы болуп саналат.

## 4-СУРОО: АДАМДЫН ДЕН СООЛУГУ

*4_SE_022_Q04  0 1 9*

Тиштти жаман кароонун натыйжасында эмне келип чыгышы мүмкүн?

___________________________________________________________________

**АДАМДЫН ДЕН СООЛУГУ: 4-СУРООГО БЕРИЛГЕН ЖООПТУ БААЛОО**

***Суроонун максаты:*** 4.4. Адамдын мурдатан изилденген киши органдарынын функцияларына карата мамилесин алдын ала билүү жөндөмүн текшерүү (илимий изилдөө).

***Жооп кабыл алынат***

1-Код: Тишти жаман кароонун жок дегенде бир натыйжасы берилген

мисалы:

- Тешик пайда болуп, чоңойо берет;
- Бактериялар (микробдор) көбөйөт;
- Тиш ооруйт;
- Тиш муздакты же ысыкты сезип калат;
- Тиштен айрылып калуу мүмкүн;
- Инфекция бүт организмге таркайт (ангина; аш казан, бөйрөк ж.б. оорулар);
- Бүйлөлөрдүн сезгенүүсү;
- Кариес (курт) пайда болот;
- Тиш чирийт;
- Эмалы талкаланат;
- Тиш түшүп калышы ыктымал;
- Ооздон жагымсыз жыт чыгат.

***Жооп кабыл алынбайт***

0- Код: Зыяндуу натыйжалардын жок экендиги көрсөтүлдү, мисалы:

- Эч нерсе болбойт;
- Зыян болбойт.

**Же** туура эмес жооптор берилди, мисалы:

- Тишти жаман караганда күнүгө 1-2 жолу тазалоо керек;
- Тишти көбүнчө жылуулукта кармоо зарыл.

9-Код: Жооп жок.

УРУКТАРДЫН ТАРКООСУ





Өсүмдүктөрдүн уруктары ар кандай жол менен таркайт: шамал, суу жана жаныбарлар аркылуу. Андыктан уруктардын таркалуу жөндөмүнө ээ ар кандай ыңгайлуу нерселери бар: «парашюттары», кыпчуурлары, катуу сөөкчөлөрү ж.б.

## 1-СУРОО: УРУКТАРДЫН ТАРКООСУ

***4_SE_023_Q01***

Төмөндөгү сүрөттөрдө (1 – 4) коко тикендин уругун таркатуучу жаныбар кайсы сан менен белгиленген?




(А) 1

(Б) 2


(В) 3

(Г) 4

Туура жооп: (Г)

***СУРООНУН МАКСАТЫ:*** 1.5. Өсүмдүктөрдүн органдары, алардын функциялары, өсүмдүктөрдүн жаныбарлар менен байланышына тийиштүү билим деңгээлин текшерүү (концептуалдык түшүнүк).

# АЙЛАНА ЧӨЙРӨ




Сүрөттө жаратылыштын жана калктын колдонуучу объекттери 1-4 сандары менен белгиленди.

## 2-СУРОО: АЙЛАНА ЧӨЙРӨ

*4_SE_026_Q02 0 1 9*

Заводдон чыккан калдык агындысынан дайрадагы балыктардын өлүп калбоосу үчүн эмне кылуу керек?

___

___

___

**АЙЛАНА ЧӨЙРӨ: 2-СУРООНУН ЖООБУНА БАА БЕРҮҮ**

***Суроонун максаты:*** 3.2. Жаратылышты коргоо тууралуу билимди пайдаланып, конкреттүү бир көйгөйдү чече билүү жөндөмүн текшерүү (практикалык ой жүгүртүү).

***Жооп кабыл алынат***

1-Код: Дайранын жээгине ар кандай ишканаларды курбоо, заводду башка жерге которуу же тазалоочу жайларды куруу сыяктуу жооптор кабыл алынат, мисалы:

- Заводду жабуу;
- Дайра, көлдөрдүн ж.б. жээгинде завод курбоо;
- Дайрага кир сууну төкпөө;
- Калдыктарды ыргытпоо;
- Атмосферага түтүн чыгарбоо;
- Тазалоочу жайларды куруу;
- Калдык үчүн чуңкур казып, ал жерге көмүү;
- Калдыктарды челекке куйуу;
- Заводду башка жерге көчүрүү.

***Жооп кабыл алынбайт***

0-Код: Башка жооптор, мисалы:

- Балыктарды башка көлмөгө көчүрүү;
- Өзгөчө балыктарды алып чыгып кетүү;
- Балыктарга дары ойлоп табуу;
- Балыктарды таза сууга жиберүү;
- Дайраны булгабоо керек (конкреттүү иш-чаралар сунуш кылынбастан).

9-Код: Жооп жок.

# ЖЫЛ МЕЗГИЛДЕРИ



## 1-СУРОО: ЖЫЛ МЕЗГИЛДЕРИ

*4_SE_027_Q01 0 1 9*

Жылдын жылуу мезгилинде аарылар менен көпөлөктөр гүлдөргө конуп жүргөнүн байкаса болот. Алар эмнеге гүлгө конушат?

___

**ЖЫЛ МЕЗГИЛДЕРИ: 1-СУРООНУН ЖООБУНА БАА БЕРҮҮ**

***Суроонун максаты:*** 1.4. Тирүү организмдердин өзгөчөлүгүнө байланыштуу билимди текшерүү (концептуалдык түшүнүк).

***Жооп кабыл алынат***

1-Код: Учуп жүрүүчүлөрън азыктануусу белгиленди, мисалы:

- нектар (бал) чогултуу;
- азыктануу үчүн;
- тамак издеп жатышат;
- чаңдоочту табыш үчүн;
- аарылар бал чогултуу үчүн.

***Жооп кабыл алынбайт***

0-Код: Башка жооптор, мисалы:

- тыныгуу үчүн;
- аарылар балды чаңдаштырат;

- гүлдөрдүн көп болуусу үчүн;
- алардан энергия (күч-кубат) алыш үчүн.

9-Код: Жооп жок.

---

## 2-СУРОО: ЖЫЛ МЕЗГИЛДЕРИ

***4_SE_027_Q02***

Курт-кумурскалар кандай аба-ырайында активдүү болушат?

(А) Жамгырлуу жылуу

(Б) Кургак жылуу

(В) Кургак суук

(Г) Жылуу шамалдуу

Туура жооп: (Б)

***Суроонун максаты:*** 2.7. Организмдин айлана чөйрөдөгү ар кандай шарттарга ыңгайлануусу түшүнүгүн текшерүү (концептуалдык түшүнүк).

## 4-СУРОО: ЖЫЛ МЕЗГИЛДЕРИ

*4_SE_027_Q04*

Күздүн келүүсү менен канаттуулардын азыктары азайат. Бул мезгилде көптөгөн канаттуулар үйүр-үйүрү менен жылуу жактарга учууга камынышат.

Жылуу жактарга биринчи учуп кете турган канаттуулардын кайсынысы төмөндө мисал келтирилгендер менен азыктанат?

(А) Чычкандар

(Б) Курт-кумурскалар

(В) Өсүмдүк мөмөлөрү

(Г) Өсүмдүк уруктары

Туура жооп: (Б)

***Суроонун максаты:*** 2.10. Жаныбарлардын жашоосундагы мезгилдик кубулаштарды түшүнүүнү текшерүү (концептуалдык түшүнүк).

# АБАНЫН КАСИЕТТЕРИ

Биз жашоо үчүн зарыл болгон газдардын аралашмасы менен курчалып турган планетада жашайбыз. Бул аралашманы аба, ал эми Жердин айланасындагы аба чүмбөтүн атмосфера деп айтабыз. Аба бир катар касиеттерге ээ болуп, адамдын жашосунда өтө маанилүү роль ойнойт.

## 1-СУРОО: АБАНЫН КАСИЕТТЕРИ

*4_SE_028_Q01 0 1 9*

Эгерде абада кычкылтек жок болуп калса, анда Жерде эмне болор эле?

________________________________________________________________

________________________________________________________________

________________________________________________________________

## АБАНЫН КАСИЕТТЕРИ: 1-СУРООНУН ЖООБУН БААЛОО

***Суроонун максаты:*** кычкылтектин Жердеги жашоо үчүн болгон эбегейсиз зор маанисин баалай билүүнү текшерүү.

***Жооп кабыл алынат***

Код 1: Окуучу Жердеги жашоонун токтой тургандыгын белгилейт, мисалы:

- Жердеги бардык нерселер кырылмак;
- адамдар, жаныбарлар, өсүмдүктөр жок болуп кетмек;
- жашоо болмок эмес.

***Жооп кабыл алынбайт***

Код 0: Башка жooптор, мисалы:

- дем алуу кыйын болмок.

Код 9: Жооп жок.

# БИЗДИН ОРГАНИЗМ

Адам – татаал, тирүү организм, анын курамына ар кандай органдар кирет: жүрөк, өпкө, ашказан, көз, кулак ж.б.

Ар бир орган тийиштүү иш аткарат.

## 2-СУРОО: БИЗДИН ОРГАНИЗМ

*4_SE_030_Q02 0 1 9*

Сезүү органдары (көз, тери, мурун, кулак, тил) айлана-чөйрөдө болуп жаткан кубулуштарды билүүгө мүмкүнчүлүк берет. Алардын ар бири өз функциясын аткарат

Төмөндө жазылган ар бир функциянын тушуна тийиштүү сезүү органдарын жазып чыккыла.

| | | |
|---|---|---|
| 1. | Даамды аныктоого жардам берет | ____________________ |
| 2. | Ар кыл жыттарды сезүүгө мүмкүндүк берет | ____________________ |
| 3. | Денеге тийүү, температура жана ийнени сезүүгө жардам берет | ____________________ |
| 4. | Курчап турган дүйнөнү көрүүгө мүмкүндүк берет | ____________________ |

## БИЗДИН ОРГАНИЗМ: 2-СУРООНУН ЖООБУНА БАА БЕРҮҮ

***Суроонун максаты:*** 4.1. Адамдын негизги органдары жана алардын функцияларына байланышкан билимди текшерүү (концептуалдык түшүнүк).

***Жооп кабыл алынат***

1-Код: 1 – тил
2 – мурун
3 – тери
4 – көз

***Жоop кабыл алынбайт***

0- Код: Башка жооптор.

9- Код: Жооп жок.